КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ №96/XXVI-28

19-сентябрь 2023-ж Кенеш айылы

## Административдик-аймактык реформа жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө" №350-Жарлыгынын негизинде, Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 25-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу" №65-Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" №67-Мыйзамынын 5-беренесинин, Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 29-авустундагы административдик-аймактык реформасын кароо тууралуу өткөн кеңешмесинин протоколунун негизинде, Кочкорбаев айылдык Кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бирдик жана Кочкорбаев айыл аймактарын бириктирип, Кеңеш айылын административдик борбор деп аныктоо менен СССРдин социалисттик эмгегинин баатыры "Исак Кочкорбаев" атындагы айыл аймагы аталышы берилсин.
2. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Дж.Усупов Кочкорбаев жана Бирдик айыл аймактарын бириктирүүдө Кочкорбаев айыл аймагында жайгашкан "Кыргызавтомаш" дача участогун калктуу конушуна кошуу мүмкүнчүлүгүн караштырсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Дж.Усуповго жүктөлсүн.

**Төрага** **Э. Токбергенов**